# Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2013-жылдын сентябрь айы)*

Сентябрь айында банктар аралык рынокто ликвиддүүлүктүн орточо күндүк деңгээли бир ай мурдагы 1,2 млрд. сомдон 1,5 млрд. сомго чейин көбөйгөндүгү байкалган, бул негизинен бир нече алдыңкы банктарда үстөк камдардын көрсөткүчтөрүнүн жогорулашынын натыйжасынан улам болгон (1-график).

***1-график.***

Коммерциялык банктардын үстөк камдарынын (улуттук валютада) жана банктар аралык кредиттер көлөмүнүн динамикасы

*(млн. сом.)*




Сом түрүндөгү карыз алуулардын жалпы көлөмү банктар аралык рынокто 4,1 млрд. сомду түзгөн (+78,5 пайыз). Карыз алуулардын банктар аралык ички рыногунда ишке ашырылган операциялардын көлөмү («овернайт» кредиттерин эсепке алуусуз) өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,2 эсе көбөйүү менен 2,4 млрд. сом чегинде катталган. Анын ичинде улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин көлөмү ай ичинде 2,0 эсе көбөйүп, 297,4 млн. сомго чейин, ал эми репо шарттарында операциялардын көлөмү – 2,2 эсе өсүп, 2,1 млрд. сомго чейин жеткен. Ошондой эле отчеттук мезгил ичинде 7,8 пайыз (-0,7 пайыздык пункт) өлчөмүндө түптөлгөн улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чендердин айрым төмөндөшү белгиленген. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде чет өлкө валютасында банктар аралык кредиттик бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

***2-график,***

Банктар аралык ички кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы



2013-жылдын сентябрь айында репо операциялардын үлүшү банктар аралык кредит рыногунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 86,5 пайыздан 87,4 пайызга чейин олуттуу өскөн. Репо шартында көбүрөөк талап кылынган карыз алуулар боюнча бүтүмдөр жылдык 4,0 пайыз чени боюнча ишке ашырылып турган (-0,3 пайыздык пункт).

Сентябрь айында «овернайт» кредиттерине болгон суроо-талап жогорулаган, анын көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,2 млрд. сомдон 1,7 млрд. сомго чейин өскөн. Аталган кредиттер боюнча чен отчеттук мезгил ичинде 5,1 пайызды түзгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде рыноктун үч катышуучусу улуттук валютада банктар аралык кредит сегментинде стандарттуу кредит шарттарында 297,4 млн. сом алышкан, бул кароого алынган ай үчүн ушул сегменттеги бүтүмдөрдүн бардык көлөмүн түзгөн.

Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,22ден 0,52ге чейин өскөн, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси өткөн айдагы 0,16га каршы 0,42ни түзгөн. Аталган индекстердин мааниси рыноктун орточо концентрациялануу деңгээлинин сакталышын көрсөтүүдө жана ал рынокто үлүштөрү бирдей эки кредитор менен эки карыз алуучунун катышкандыгына туура келет.

***3-график.***

Банк-резидент эместер менен чет өлкө валютасында келишилген бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялардын көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы




Банк-резидент эместер менен валютада келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү август айында ушундай эле көрсөткүчкө салыштырмалуу 28,3 пайызга өсүү менен сом түрүндөгү эквивалентте 1,3 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде АКШ долларында гана банк-резидент эместер менен ишке ашырылган кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,9 пайыз (+0,1 пайыздык пункт) деңгээлинде түптөлгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | 360 күндөн к-н | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2012 | 09 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 10 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 11 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 12 | 480.6 | 11 | 7.7 | 75.0 | 4.0 | - | - | 23.5 | 9.0 | 22.4 | 9.0 | 80.2 | 10.1 | - | - | 120.8 | 9.6 | 69.0 | 6.5 | 89.7 | 6.5 |
| 2013 | 01 | 119.1 | 3 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 119.1 | 7.2 | - | - | - | - |
| | 02 | 246.6 | 3 | 11.3 | | | | | | | | | | | | | 47.8 | 7.0 | 47.8 | 7.0 | 151.0 | 14.0 |
| | 03 | 69.0 | 2 | 7.0 | | | | | | | 20.0 | 7.0 | | | | | | | 49.0 | 7.0 | | |
| | 04 | 385.0 | 6 | 6.7 | | | 30.0 | 3.5 | | | | | | | | | 40.0 | 6.5 | 266.7 | 7.0 | 48.3 | 7.0 |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 33.9 | 2 | 7.1 | | | 9.7 | 3.5 | | | | | | | | | | | 24.2 | 8.5 | | |
| | 07 | 336.5 | 5 | 6.9 | | | | | | | 180.0 | 6.0 | | | | | 19.7 | 8.0 | 136.8 | 8.0 | | |
| | 08 | 145.9 | 3 | 8.5 | | | | | | | | | | | | | | | 145.9 | 8.5 | | |
| | 09 | 297.4 | 6 | 7.8 | | | 50.4 | 4.5 | | | | | | | | | 49.0 | 8.5 | 50.4 | 8.5 | 147.6 | 8.5 |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү(млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2012 | 09 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 10 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 11 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 12 | 480.6 | 11 | 7.7 | 75.0 | 4.0 | - | - | 23.5 | 9.0 | 22.4 | 9.0 | 80.2 | 10.1 | - | - | 120.8 | 9.6 | 69.0 | 6.5 | 89.7 | 6.5 |
| 2013 | 01 | 119.1 | 3 | 7.2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 119.1 | 7.2 | - | - | - | - |
| | 02 | 246.6 | 3 | 11.3 | | | | | | | | | | | | | 47.8 | 7.0 | 47.8 | 7.0 | 151.0 | 14.0 |
| | 03 | 69.0 | 2 | 7.0 | | | | | | | 20.0 | 7.0 | | | | | | | 49.0 | 7.0 | | |
| | 04 | 385.0 | 6 | 6.7 | | | 30.0 | 3.5 | | | | | | | | | 40.0 | 6.5 | 266.7 | 7.0 | 48.3 | 7.0 |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 33.9 | 2 | 7.1 | | | 9.7 | 3.5 | | | | | | | | | | | 24.2 | 8.5 | | |
| | 07 | 336.5 | 5 | 6.9 | | | | | | | 180.0 | 6.0 | | | | | 19.7 | 8.0 | 136.8 | 8.0 | | |
| | 08 | 145.9 | 3 | 8.5 | | | | | | | | | | | | | | | 145.9 | 8.5 | | |
| | 09 | 297.4 | 6 | 7.8 | | | 50.4 | 4.5 | | | | | | | | | 49.0 | 8.5 | 50.4 | 8.5 | 147.6 | 8.5 |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү(млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2012 | 09 | 33.1 | 6 | 3.0 | 24.1 | 3.0 | 9.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 10 | 7.6 | 1 | 3.0 | - | - | 7.6 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 11 | 18.2 | 3 | 3.0 | 12.2 | 3.0 | 6.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 12 | 13.0 | 1 | 3.0 | 13.0 | 3.0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 2013 | 01 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 02 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 03 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 04 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 05 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 06 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 07 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 08 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| | 09 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |